Амалдуу эчкилер



Автору: Анушка Равишанкар

Сүрөтчү: Майкл Харрар

Которгон жана адаптациялаган: Талантбек Шабиев

Амалдуу эчкилер

Автору: Анушка Равишанкар
Сүрөтчү: Майкл Харрар
Которгон жана адаптациялаган: Талантбек Шабиев

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution-NonCommercial-ShareAlike 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/3.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно албайсыз. Бул чыгарманы адаптациялап жана толуктоолорду киргизсеңиз болот, бирок өзүңүздүн вариантты ушул же ушул сыяктуу лицензия боюнча гана тарката аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"The Three Billy Goats Gruff", Copyright © 1998, SIL PNG түп нусканын негизинде. CC BY-NC-SA 3.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан.
"Амалдуу эчкилер" (кыргыз тилинде), Талантбек Шабиев тарабынан которулуп адаптацияланган.
The Three Billy Goats Gruff (англисче) чыгарманын негизинде автору Anushka Ravishankar, сүрөтчүсү Priya Kuriyan.
Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз:
https://bloomlibrary.org/readBook/pH9znkhz6N

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Үч эчки. Булардын үй-бүлөсүндө атасы – теке, энеси – эчки жана баласы – улак болуп жашашат.



Дайыма теке жол баштап, артынан эчки, анан улагы ээрчийт. Алар жакшы тоют издеп, жайыт которуп турушат.



Бирок алар эңсеген жайыт дарыянын аркы өйүзүндө экен.

Көпүрөнүн астында түрү суук желмогуз жашап, элдин жүрөгүнүн үшүн алып бүткөн. Кимде ким колго түшсө, ал желмогуздун жеми болот.



Жайкалган шибер эчкилердин көзүн кызартып жатты.

Ошондуктан алар башка амал колдонууну туура көрүштү.



Кичинекей улак:

– Анда мен кеттим, – деп чуркап жөнөдү.

– Бул ким, менин көпүрөмдү тебелеп жаткан? – деп кыйкырды желмогуз. Муну уккан улактын денесин калтырак басты.

– Бул менмин. Мен аябай кичинекей жана арыкмын, – деди улак. – Ошондуктан мен жем жеп семирейин. Мени анан деле жейсиң, андан көрө артымда келе жаткан чоң эчкини же, – деди улак.

– Макул, бара бер! Чын эле анда чоң эчкини жейинчи, – деди аны уккан желмогуз.

Сүйүнгөн улак шиберди көздөй чуркады.

– Эми кезек менде, – деп эчки көпүрөгө бет алды.

Эчки көпүрөдөн тыкылдап басып бара жатканда желмогуз:

– Менин көпүрөмдөн тыкылдап өтүп бара жаткан ким? – деп кыйкырды. Эчки абдан коркуп кетти.

– Мен абдан арыкмын. Жайкалган шиберге оттоп, семиргим келет, – деп жооп берди эчки.

– Бас бери, мен сени жегим келип жатат! – деп күрүлдөдү желмогуз.

– Артымдан теке келе жатат. Ал менден чоң жана семиз. Ошону жечи! – деди эчки.

– Макул бара бер! Анда чоң текени жеп, курсагымды тойгузайын, – деди желмогуз. Сүйүнгөн эчки улагына кошулуп, текени күтүп калышты.



Оттоп жүргөн эчки менен улагын көргөн теке:

– Эми кезек менде! – деп көпүрөгө карай басты. Текенин олбурлуу, жайкалган сакалы жана чоң мүйүзү бар.



Ал көпүрөдөн өтүп бара жатты...

– Бул ким менин тынчымды алып, көпүрөмдөн тыкылдап өтүп бара жаткан?

– Бул менмин, чоң текемин!

– Аа, демек, мен жей турган теке турбайсыңбы!

– Жок, сени тоголото сүзчү текемин!



Теке күүлөнүп келип, желмогузду бир сүздү.



Желмогуз сууга кулап түштү.

Ал суудан сүзүп чыгууга аракет кылды. Бирок теке аны кайрадан сүзгүлөп, суудан чыгарбай койду. Элдин жүрөгүн түшүргөн желмогуз сууда калды.



Ошентип, амалдуу эчкинин үй-бүлөсү жайыттын жакшы чөбүн жеп, жыргап жашап калган экен.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автору: Анушка Равишанкар
Сүрөтчү: Майкл Харрар
Которгон жана адаптациялаган: Талантбек Шабиев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- **2.2 деңгээли**

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли